**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИ**

# БУЙРУК

Бишкек шаары

26 декабря 2017 ж. № 166-Б

**“Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бюджети боюнча жарандык бюджетти түзүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 126-беренесине ылайык жана бюдджеттик маалыматтын ачык-айкындуулугун жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоону жогорулатуу, Кыргыз Республикасынын жарандык бюджеттин сапаттуу жана өз убагында түзүү максатында,

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. Тиркемеге ылайык Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бюджети боюнча жарандык бюджетти түзүү методикасы бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бюджети боюнча жарандык бюджетти түзүү методикасында каралган тартипте жана мөөнөттө жергиликтүү бюджеттин жарандык бюджетин түзүүнү Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына сунушталсын.

3. Бюджеттер аралык мамилелер башкармалыгы (Раханов Н.С.) бул буйрукту жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына чейин билдирсин.

4. Иш кагаздарын жүргүзүү жана электрондук документ жүгүртүү бөлүмү (Исраилова А.О.) бул буйрукту Министрликтин аймактык башкармалыктарына билдирсин.

5. Коомчулук менен байланыш сектору (Туголбаева Г.Т.) Министрликтин расмий сайтына жарыяласын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Министр** **А.А. Касымалиев**

№ 017479

Кыргыз Республикасынын
Финансы министрлигинин
2017-жылдын «28» декабря
№166 буйругуна тиркеме

**Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандык бюджетин түзүү методикасы**

Жергиликтүү бюджеттин жарандык бюджетин түзүү боюнча ушул Методика бюджеттик маалыматтын ачык-айкындуулугун камсыздоо жана Кыргыз Республикасынын айылдык аймагынын (шаарынын) жергиликтүү жамаатына (башка кызыкдар жактарга) жергиликтүү бюджет жөнүндө маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо максатында иштелип чыкты.

Методика жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын колдонуусу үчүн сунушталат. Методика жарандык бюджеттин түзүмүн жана анын негизги бөлүмдөрүнүн мазмунун, жарандык бюджетти даярдоо мөөнөттөрүн, жайылтуу тартибин жана форматын аныктайт.

## I. *Жалпы жоболор*

1. Жарандык бюджетти Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 126-беренесине, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык бюджеттик маалыматтын ачык-айкындуулугун жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары түзөт.

2. Жарандык бюджет расмий бюджеттик документтердин негизинде түзүлөт. Анда бюджеттин чечимдери, параметрлери жана артыкчылыктары боюнча маалымат түшүнүктүү жана көрсөтмөлүү формада берилет.

Бул методикада жарандык бюджетке киргизүү үчүн милдеттүү болгон көрсөткүчтөр аныкталды. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүргүзүлгөн сурамжылоонун негизинде бюджет жана бюджеттик саясат боюнча кошумча маалыматты бере алышат.

3. Жарандык бюджет бекитилген жергиликтүү бюджеттин негизинде түзүлөт (жергиликтүү бюджетти бекиткенден кийин 15 календарлык күндүн ичинде).

4. Бекитилген жергиликтүү бюджет боюнча жарандык бюджеттин көрсөткүчтөрү өткөн жыл үчүн иш жүзүндөгү маанилерди (алар болбогон учурда – күтүлгөн аткарылышын) жана кезектеги жылга пландуу көрсөткүчтөрдү камтышы керек.

5. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын чечими боюнча, жарандык бюджет жергиликтүү бюджет жөнүндө чечимдерге киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык такталып турушу мүмкүн.

6. Жарандык бюджетти биринчи кезекте Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий сайтында жарыялоо жолу менен жайылтуу сунушталат. Расмий сайт болбогон учурда жарандык бюджет төм. жарыяланса болот:

- жергиликтүү кеңеш белгилеген адамдар көрө алчу атайын жерлерде (такталарда, стенддерде);

- айылдык аймактын, шаардын аймагында кыйла кеңири таралган, белгиленген тартипте каттоодон өткөн басылмалардын ичинен жергиликтүү кеңеш тарабынан аныкталуучу тиешелүү басылмаларда.

- жергиликтүү мамлекеттик администрациянын же Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тийиштүү облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн же жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий веб-сайтында, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ассоциацияларынын жана (же) жергиликтүү жамааттардын союздарынын расмий веб-сайттарында.

Жарандык бюджетти экиден кем эмес ыкма менен жайылтуу сунушталат: сайтта жарыялоо, басма массалык маалымат каражаттарында жарыялоо же жарандык бюджетти кагазга басып чыгаруу, брошюра чыгаруу, баннерде ж.б.

7. Маалыматтын көрсөтмөлүүлүгүн камсыздоо максатында жарандык бюджетти даярдоодо графикалар, диаграммалар, сүрөттөр, схемалар жана инфографиканын башка элементтери түзүлөт.

8. Жарандык бюджетте жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын (же жоопту кызмат адамынын) так байланыш маалыматтарын жана бюджет тууралуу көбүрөөк билүүнү каалаган жарандар үчүн жарыялоолор жайгашкан булактарга шилтемелерди берүү сунушталат.

9. Жарандык бюджет мамлекеттик жана расмий тилдерде жарыяланат. Тийиштүү айылдык аймактын же шаардын аймагында мамлекеттик тилде сүйлөгөн адамдардын саны басымдуулук кылса жана буга байланыштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын тийиштүү чечими болсо, жарандык бюджетти мамлекеттик тилде жарыялоого жол берилет.

## II. Жарандык бюджеттин түзүмү

10. Жарандык бюджет төмөнкүдөй бөлүмдөрдү камтышы керек:

- киришүү;

- жергиликтүү бюджет жөнүндө жалпы маалыматтар;

- жергиликтүү бюджеттин кирешелери жөнүндө маалымат;

- жергиликтүү бюджеттин чыгашалары жөнүндө маалымат;

- тартылган финансы ресурстары жана долбоорлор жөнүндө маалымат;

- натыйжалуулуктун бюджеттик көрсөткүчтөрүн берүү үчүн индикаторлордун тизмеги.

11. «Киришүү» бөлүмүнө төмөнкүлөрдү кошуу сунушталат:

- бюджеттик процессте колдонулган өзөктүк түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү, ал жарандар үчүн түшүнүктүү формада баяндалууга тийиш;

- жарандардын бюджеттик процесске катышуу календарын кошкондо, бюджеттик календарь (коомдук бюджеттик угуулар, жергиилктүү кеңештин ачык сессиялары).

12. «Жергиликтүү бюджет жөнүндө жалпы маалыматтар» бөлүмүнө төмөнкүлөрдү кошуу сунушталат:

- жергиликтүү бюджеттин негизги параметрлери (кирешелердин, чыгашалардын жалпы көлөмү, жергиликтүү бюджеттин финансылык жана финансылык эмес активдери);

- ЖӨБ органынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасында аныкталган бюджеттик чыгашаларынын негизги артыкчылыктары.

13. «Жергиликтүү бюджеттин кирешелери» бөлүмүндө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- кирешелердин түрлөрү, б.а., салыктык, салыктык эмес кирешелер жана расмий трансферттер боюнча жергиликтүү бюджеттин кирешелери тууралуу маалымат жергиликтүү бюджеттин кирешелериндеги өзгөрүүлөрдүн себептерин түшүндүрүү менен кошо берилиши керек;

- жергиликтүү бюджетке негизги салыктардын түшүүсү боюнча маалымат;

- муниципалдык менчиктен түшкөн кирешелер тууралуу маалымат;

- расмий трансферттердин түзүмү, анын ичинде мамлекеттик ыйгарым укуктун түрүн, максатын жана аларды колдонуу багыттарын көрсөтүү менен өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн берилген каражаттар.

Көрсөткүчтөр инфографика түрүндө берилип, четтөөлөр түшүндүрүлүп берилип, мыйзамдардагы өзгөрүүлөр (эгерде болсо) жана көрсөткүчтүн өсүш (кыскаруу) себептери чечмеленет.

14. «Жергиликтүү бюджеттин чыгашалары» бөлүмүндө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- күнүмдүк жана капиталдык деп бөлүнүп, жергиликтүү бюджеттин чыгашалары берилет;

- функционалдык классификациясы боюнча жергиликтүү бюджеттин негизги чыгашаларынын түзүмү;

- функционалдык классификациясы боюнча жергиликтүү бюджеттин негизги

чыгашаларынын динамикасы;

- жергиликтүү маанидеги маселелерди каржылоого бюджеттин чыгашаларынын көлөмү;

- чөйрөлөр (билим берүү, социалдык коргоо, турак жай-коммуналдык чарба ж.б.) жана мекемелер боюнча каражаттарды чыгымдоонун багыттарынын кыскача сүрөттөлүшү.

Көрсөткүчтөр инфографика түрүндө берилип, четтөөлөр түшүндүрүлүп берилип, мыйзамдардагы өзгөрүүлөр (эгерде болсо) жана көрсөткүчтүн өсүш (кыскаруу) себептери чечмеленет.

15. «Тартылган финансы ресурстары жана долбоорлор жөнүндө маалымат» бөлүмүндө кийинки жылдын инвестициялык долбоорлору, ушул жылга карата пландар жана өткөн жыл үчүн отчет боюнча маалымат берилет. Маалымат долбоорлор боюнча алынган же пландалып жаткан жыйынтыктардын кыскача сүрөттөлүшү менен коштолот.

16. Жарандык бюджетке кошуу үчүн сунушталган натыйжалуулуктун индикаторлору:

- жергиликтүү бюджеттин калктын жан башына кирешелери, сом менен;

- жергиликтүү бюджеттин калктын жан башына чыгашалары, сом менен;

- жергиликтүү бюджетке түшкөн трансферттер, жергиликтүү бюджеттин кирешелерине карата % менен;

- аппаратка кеткен чыгашалар жалпы чыгашаларга карата % менен;

- резерв фонду, млн. сом менен;

- айыл өкмөтүнүн (мэриянын) аппаратынын саны, адамдардын саны;

- айыл өкмөтүнүн (мэриянын) бир муниципалдык кызматчысынын орточо айлык эмгек акысы, сом менен;

- жолдорго жана көпүрөлөргө кеткен чыгашалар, млн. сом менен;

- 1 километр жолдорго жана көпүрөлөргө кеткен чыгашалар жана башка индикаторлор (зарылчылык болсо).